КИТЕП
ДҮЙНӨСҮНӨ
САЯКАТ

Ысмайыл Кадыров

# САНДАР САНАТЫ



УДК 821.51-93
ББК 83.8
К 13

**Кадыров Ысмайыл.**
К 13 Сандар санаты/ Сүрөт.: Ж. Касмамытова. – Б.: Кутаалам, 2016. – 16 б., сүр.


ISBN 978-9967-25-222-6

Автордун бул китеби мектепке чейинки балдарга арналат. Балдар ырлар аркылуу санаганды, кемиткенди, кошконду үйрөнүшөт, ошону менен бирге тамгалар менен таанышат. Балдардын сандарды оңой эске тутуусуна, логикалык ой-сезимин өстүрүүгө, мектепке даярдоого жардам берет.

К 4803300200-08
ISBN 978-9967-25-222-6
УДК 821.51-93
ББК 83.8
© Кадыров Ы, 2016.
© ЖЧК «Кутаалам», 2016.

Бул сандыктын ичинде
Бирдик, ондук сандар бар.
Бүт бардыгын салууга,
Батпай калды калгандар.





Мен деген нөлмүн,
О тамгасына окшотуп көргүн.

Менин атым бир,
Санаттын башы экенин бил.



Бирге кошулган бирмин,
Эки эмей анан киммин.



Экиге бирди кошкун,
Сабакты орто билгендерге досмун.






Улактын канча буту бар,
Билбеген мени утулаар.



Менин атым беш,
КэЭде «эӊ жакшы» дешет.



Мен алтымын, алтымын,
Бир нөлү бар жалкымын.



Жалгыз буттуу жетимин,
Беш кошулган экимин.



Мен сегизмин, сегизмин,
Эки нөлдүү эгизмин.



Бир орундуу сандардын,
Чоңу болуп алганмын.

Мен он деген чоңдукмун
Кенжесимин ондуктун.

**Көз канча?**

Эки кулак,
Добушту угат.
Жалгыз ооз,
Сүйлөп турат.
Көз канча –
Эмне кылат?





## Канча мышык?


Карасаң мына кызык,
Төрт бурчта бирден мышык.
Чокчоюп отурушат,
Таранып, сыланышып.

Маңдайында ар биринин,
Олтурушат үчтөн мышык.
Кана эми тез эсепте,
Бардыгы канча мышык?





**Канчасы ашык?**
Алты киши,
Жети кашык.
Тамак ичсек,
Канчасы ашык?





**Кайсынысынын буту көп?**

Каздын буту эки,
Козунуку төрт.
Карап туруп айтчы,
Кайсынысыныкы көп.



**Манжадагы санак**

Баш бармак,
Бир дегин кармап.
Сөөмөйдү сун,
Эки деп жум.
Ортон узуну,
Үч де ушуну,
Анан аты жок,
Төрт деп аны кош.
Чыпалак кичик,
Беш де тизип.
Билип ал анда –
Булар манжа.
Бириксе муштум –
Бардыгын уктуң.



**Кайсынысы аз?**

Айпери сандыкты ачты,
Жети көйнөк, жети шым тапты.
Ойлоно берип таппады,
Көйнөк азбы, же шым азбы?



## Беш мүнөттүк кыймыл


Бир, эки, үч,
Манжабызда күч.
Төрт, беш, алты,
Өйдө турдук жалпы.
Жети, сегиз, тогуз,
Сунулду алга колубуз.
Он, он бир, он эки,
Таянабыз бөйрөктү.
Он үч, он төрт, он беш,
Моюнга кыймыл керек.
Он алты, он жети, он сегиз,
Олтурдук кайра тегиз.





## Канчадан сабиз?

Кичинекей үч бөжөк,
Он эки сабиз табышты.
Үчкө бөлүп тепетең,
Калтырбай жеп алышты.
Тоюп алып сабизге,
Тойпоңдошуп жарышты.
Эсептеп көр бөлгөндө,
Канчадан сабиз алышты?




## Канча чымчык?

Электрдин зымына,
Эки чымчык конду.
Дагы келип бешөө,
Жети чымчык болду.
Учуп кетип экөөсү,
Бошоп калды орду.
Канча чымчык керек,
Түзүш үчүн онду?

## Канча болот?

Илимбектин китеби үчөө,
Айпериники алты.
Экөөнүкү бириксе,
Канча болот жалпы?



**…ары канча**

…анбек менен Аксана,
…ина менен Айана.
…нцерт коймой болушту,
…чадагы балдарга.

Созолонтуп Уланбек,
Эки жолу ырдады.
Бирден ырдап калганы,
Балдар угуп жыргады.

Канча бала, канча кыз,
Ырдаганы чыгышты?
Калган балдар алардын,
Канча ырын угушту?



## Табышмактуу 10 он

Нөл кошуп жазсаң бир санга,
Аласың эки беш манжа. *(Он)*
Дөңгөлөк, топко салышат,
Жел толтуруп алышат. *(Балон)*
Беш манжаңдын узуну,
Кимдер билбейт ушуну. *(Ортон)*
Балдай ширин жана сары,
Бирок, тиштеп жейсиң аны. *(Коон)*
Кышында күпүйтүп киесиң,
Жайында гардеробго илесиң. *(Тон)*
Орусияны аралап аккан,
Тынч дарыя мелмилдеп жаткан. *(Дон)*
Кыргыз эли урматташат атын,
Көзү өтүп кеткен чыгаан акын. *(Жолон)*
Кар учурган катуу шамал,
Бурганак деп да аталат ал. *(Бороон)*
Бул бир жырткыч балык,
Тузсуз сууда гана жашаары анык. *(Чортон)*
Мелдеште биринчиликти алган,
Жеңүүчү болгон адам. *(Чемпион)*



## Тамга, саны аралаш макал-лакаптар

1 сүйлө, 2 ук.
2 ойлоп, 1 сүйлө.
К3 бирдикте.
4өөң төп болсоң төбөдөгүнү аласың,
6ооң ала болсоң алдыдагыны алдырасың.

5 кол тең эмес.
6н алба, алкыш ал.
7 өлчөп, 1 кес.
Эчки тууйт эгизди, 2 жылда 8ди.
Ата көргөн ок ж10от, эне көргөн т10 бычат.
Жигитке 70 өнөр аздык кылат.

Кызга 40 үйдөн тыюу.
Кыздын 40 чачы улуу.
Билеги күчтүү 1ди жыгат,
Билими күчтүү 1000ди жыгат.



# МАЗМУНУ


Көз канча? ..........................................................5

Канча мышык? ....................................................6

Канчасы ашык? ..................................................7

Кайсынысынын буту көп? ....................................8

Манжадагы санак

Кайсынысы аз? ....................................................9

Беш мүнөттүк кыймыл

Канчадан сабиз? ................................................10

Канча чымчык?

Канча болот? ......................................................11

Баары канча? ......................................................12

Табышмактуу 10 ..................................................13

Тамга, саны аралаш макал-лакаптар ..............14

## "Китеп дүйнөсүнө саякат"

## Балдар көркөм адабият сериясы

